**К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин**

**Кыргыз – Түрк институтунун “Недим Эркол” атындагы**

**китепкананын 2019 – 2020 окуу жылдык**

# ОТЧЕТУ

К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин китепканасынын ишмердүүлүгү Кыргыз Республикасынын “Китепкана иши жөнүндөгү” мыйзамына, “Китепкананы пайдалануу эрежелерине” жана коллективдүү келишимине ылайык жүргүзүлөт.

Окуу жайдын даярдап жаткан адистердин сапатын, билимин жогорулатуу максатында борбордук китепкананын курамындагы Эл аралык Кыргыз–Түрк институтунун Недим Эркол атындагы китепканасы да өз салымын кошуп келүүдө. Окуу процессинде китепкандагы окуу куралдарын колдонуу менен студенттер мугалимдин өткөн сабактарын жана үйгө берилген тапшырмаларын толугу менен аткара алуусу үчүн кеңири шарттар түзүлгөн.

Жаңы окуу жылы үчүн түзүлгөн иш – пландарга ылайык, 1–курстун студенттерине китепкананын эрежелерин, окуу залда өзүн алып жүрүүсү, алардын милдеттери жана китепкананы пайдалануу жөнүндө тааныштыруу иштери жүргүзүлдү. Ошондой эле иш планда бекитилген төмөнкү иштер аткарылды:

- Китептерди оңдоп – түзөө иштери
- Алфавиттик негизде китептерди толуктоо жана аларды компьютерге түшүрүү
- Китептерди өз убагында тапшырбаган студенттер менен иштөө
- Бүтүрүүчү студенттердин мамлекеттик экзамендерин жана дипломдук иштерин коргоо үчүн керектүү басылмалар менен камсыздоо.

Китептерди ондоп – түзөөдө менеджмент жана эл аралык мамилелер багытындагы китептерге басым жасалып, жалпысынан 67 даана китеп желимделди.

145 даана китепке алфавиттик негизде сандык коддор коюлуп толукталды жана компьютерге түшүрүлдү. Бул китептер даярдоо курстары жана филология (түрк тили жана адабияты) багытындагы китептердин тизмесин толуктады.

Ал эми китептерди белгиленген мөөнөттөн кечиктирип алып келген 13 студентке китепкана эрежелерин эске салып аларга түшүндүрүү иштери жургүзүлдү. Бүтүрүүчү студенттер дипломдук иштери боюнча керектүү маалыматтар менен камсыздандырылды. Ошону менен бирге жыл башында түзүлгөн иш планына ылайык борбордук китепкана жана филиалдар менен биргеликте көргөзмөлөр уюштурулуду. Алар:

1. 1 – сентябрь Билим күнүнө карата китеп көргөзмө уюштуруу.
2. 23–сентябрь Тил майрамына карата ”Кыргыз тили кылымдарды баскан тил” деген темада көргөзмө уюштуруу.
3. 17–ноябрь Студенттер күнүнө карата "Студент–кечээ , бүгүн жана эртең" деген темада көргөзмө уюштуруу.
4. 12 – декабрь Кыргыз Республикасынын белгилүү жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун туулган күнүнө карата китеп көргөзмө уюштуруу.
5. 23 – февраль Мекенди коргоочулардын күнүнө карата "Мекенди коргоо–ыйык милдет" деген темада көргөзмө уюштуруу.
6. 8–март Аялдардын Эл аралык майрамына карата көргөзмө уюштуруу.





*17 – ноябрь Студенттер күнүнө карата "Студент – кечээ , бүгүн жана эртең" деген темада уюштурулган көргөзмөдөн үзүндү.*

Көргөзмөдө Недим Эркол атындагы Кыргыз–Түрк китепкана фондунун китептери, "Түрк илимий изилдөөдүйнөсү",Туран Язган тарыхынын китептери, Түрк дүйнөсү изилдөө фондунункитептери, “Түрк

маданиятынын өнүгүү доору" ж.б. ушул сыяктуу китептеричыгарылып турат.




**Lâle Devri ve Yansımları**




**Türk Kültürünün Gelişme Çağları**




**Küreselleşme ve Türk Dünyas Sempozyum Tebliğler**




**<u>Tarih Dergisi</u>**

Ошондойэле 29 – октябрь Түркия мамлекетининэгемендүүлүгүнө каратауюштурулуучуиш–чарага китепкана дакатышыпкитеп көргөзмөлөрүнкөрсөтүп келет.










**Tarih Dergisi** **Негизги экономикалык терминдердин Орусча – Түркчө – Кыргызча Сөздүгү**

**Китепканачы:** ________ Назарова Г.